# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

# ТОКТОМ

2009-жылдын 22-декабры № 794

## "Интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарларга карата бажы контролдугунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 27-ноябрындагы № 694 токтомуна толуктоо жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бажы кодексин жүзөгө ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. "Интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарларга карата бажы контролдугунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 27-ноябрындагы № 694 токтомуна төмөнкүдөй толуктоо жана өзгөртүүлөр киргизилсин:

- ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда тиркеме менен толукталсын;

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарларга карата бажы контролдугунун тартиби жөнүндө жободо:

жобонун бүткүл тексти боюнча "МБИ" деген аббревиатура "МБК" деген аббревиатура менен алмаштырылсын;

- "Жалпы жоболор" деген I бөлүктөгү:

3-пункттагы "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Мамлекеттик бажы инспекциясынын (мындан ары - МБИ)" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы (мындан ары - МБК)" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

"интеллектуалдык менчиктин объектилери - илим, адабият жана искусство чыгармаларынын нускалары; электрондук эсептөө машиналары үчүн программаларынын, маалыматтар базаларынын, фонограммалардын нускалары;

товардык белгилер, тейлөө белгилери менен маркаланган товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары менен белгиленген товарлар;".

2-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

"контрафакт товарлар - товарларды бажы чек арасы аркылуу өткөрүү же бажы контролунда турган товарлар менен башка аракеттерди жасоо менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык корголуучу укук ээсинин укуктарын бузууга алып келген интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарлар";

- "Интеллектуалдык менчиктин объектисин каттатуу боюнча өтүнмө" деген II бөлүктөгү:

4-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

"2) интеллектуалдык менчиктин объектисине карата укуктарды ырастоочу документтер. Алар төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик мамлекеттик кызматы (мындан ары - Кыргызпатент) берген товардык белгинин катталгандыгы жөнүндө күбөлүк;

- товардык белгинин Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык каттоого алынгандыгы жөнүндө Кыргызпатенттин тиешелүү ырастоосу менен кошо Интеллектуалдык менчиктин Бүткүл дүйнөлүк уюмунун Эл аралык бюросунун реестринен алынган көчүрмө;

- товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна карата Кыргызпатент тарабынан берилген күбөлүк;

- эгерде автордук укук Кыргызпатентте катталган болсо, анын каттоого алынгандыгы жөнүндө күбөлүк;

- Кыргызпатентте катталган товардык белгиге жана тейлөө белгисине карата укукту өткөрүп берүү жөнүндө келишим (лицензиялык келишим, укуктарды ыктыярдуу өткөрүп берүү жөнүндө келишим);

- автордук укуктун объектисине карата укукту өткөрүп берүү жөнүндө келишим (лицензиялык келишим, укуктарды ыктыярдуу өткөрүп берүү жөнүндө келишим);

4-пункттун 5-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

"5) укук ээсинин бажы органдарын чыгашаларынын (эгер шектелген товарды токтото туруудан белгиленген мөөнөт өткөндөн кийин укук ээси кармалган товар тууралуу маселени чечүү жөнүндө тийиштүү сотко арыз бергендигин документалдуу күбөлөндүрө албаган учурда) жана декларанттын (эгер соттун чечими менен кармалган товар контрафакттык эмес экени далилденсе) чыгымдарынын ордун толтуруу тууралуу ушул токтомдун тиркемесине ылайык үлгү боюнча толтурулуучу жазуу түрүндөгү милдеттемеси (мындан ары - милдеттеме).

Кыргыз Республикасынын бажы органдарында укук ээсинин кызыкчылыктарын коргоого карата тийиштүү түрдө тариздеген ишенимкат же мындай ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилген башка документ (лицензиялык, автордук келишим, коммерциялык өкүлчүлүк келишими ж.б.) болгон учурда милдеттеме арыз ээси тарабынан берилиши мүмкүн.

Арызга милдеттемени аткарууну камсыз кылууну ырастаган документ же декларанттын пайдасына келтирилүүчү зыянга карата жоопкерчиликтин тобокелдигин камсыздандыруу келишими тиркелиши мүмкүн";

"Өтүнмөнү карап чыгуу" деген III бөлүктөгү:

- 6-пункт төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

"6. МБК арызды түшкөн күндөн тартып бир айдан ашпаган мөөнөттө карайт жана арызда көрсөтүлгөн интеллектуалдык менчик объектилерин Реестрге киргизүү же аларды киргизүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат. Кабыл алынган чечим тууралуу арыз ээси кат түрүндө кабарланат. Жетишээрлик негиз болгон учурда МБК мөөнөттү узартууга укуктуу, бирок бир айдан ашык эмес".

"Товар чыгарууну убактылуу токтотууга байланыштуу чыгымдарды төлөп берүү" деген V бөлүктөгү:

- 17-пункт төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

"Укук ээси товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө билдирүү алгандан кийин үч күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдары менен бекитилген тартипте милдеттемени аткарууну камсыз кылууну төгүшү керек.

Эгер укук ээси ушул Жобонун 15-пунктундагы шарттарды аткарбаса, анда товарды чыгарууну токтото туруу менен байланышкан бажы органдарынын чыгымдарын жапа товарды токтото туруунун натыйжасында келип чыккан, декларанттын зыяндарын эсептен чыгаруу менен укук ээсине кайтарылып берилет. Ал эми эгер камсыз кылуунун суммасы көрсөтүлгөн чыгымдарды жана зыяндарды жабуу үчүн жетишсиз болуп чыкса, анда кошумча төлөнүүгө тийиш болгон сумманын өлчөмү укук ээси менен декларанттын ортосунда макулдашуу, же сот тартибинде аныкталат.".

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып бир ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **Д.Үсөнов**

Тиркеме

______________ бажысынын

начальнигине

Товарларды токтото турууга байланышкан

чыгымдардын ордун толтуруу жөнүндө

МИЛДЕТТЕМЕ

Муну менен, __________________________________________________________

Укук ээси же укук ээсининин ишенимдүү адамы

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

(Уставга ылайык юридикалык же жеке жактын толук аталышы,

юридикалык дареги, МИЖРК коду, СТИН, телефон, факс, жеке адамдар үчүн паспортунун маалыматтары, ишеним каттын №)

Шектелген товар контрафакттык эмес экени белгилүү болгон учурда, товарды чыгарууну токтото туруу менен байланышкан бардык көрсөтүлгөн бажы органынын чыгымдарын жана декларантка келтирилген зыяндын ордун толтурууга милдеттенет.

| Катар № | Товардын аталышы | ТЭИТН коду | Интеллектуалдык менчиктин объектисинин каттоо номери | Интеллектуалдык менчиктин объектисинин корголуу мүмкүнчүлүгү тууралуу документтин аталышы, № жана күнү |
| --- | --- | --- | --- | --- |
| | | | | |
| | | | | |

Арыз ээси товарды токтото туруу жөнүндө кабар алган күндөн тартып үч жумуш күнүнүн ичинде милдеттемени аткарууну камсыз кылууну (товарлардын күрөөсү, банктык кепилдик, депозит, кепилдик) төгүүгө милдеттенет.

Бажы органынын боло турган чыгымдарынын эсебин Бажы берет (иш сараплар жана транспорттук чыгымдар жана башкалар), ал эми Декларанттын боло турган чыгымдарынын эсебин Декларант (транспорттук чыгымдар, жүктөө-түшүрүү жумуштары, убактылуу сактоо чыгымдары жана башкалар) берет.

Бажы органдарынын чыгымдарынын жана декларанттын зыяндарынын ордун толтурууну жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Бажы кодексинин 345, 346, 348-беренелеринин талаптары менен тааныштым.

Укук ээси ___________________

(колу)

М.О.